| **СӨАИнин тапшырмасын алган күнү** | **СӨАИнин биринчи текшерүүдөн өткөн күнү** | **СӨАИнин иштеп тапшырган күнү** |
|---|---|---|
| 20.10.2025-ж | 17.11.2025-ж. | 15.12.2025-ж. |

**СӨАИнин тапшырмалары**

1. Механикалык кыймыл.
2. Түз сызыктуу кыймыл.
3. Ийри сызыктуу кыймыл.
4. Айлана боюнча кыймыл.
5. Ньютондун биринчи закону.
6. Ньютондун экинчи закону. Күч жана масса.
7. Ньютондун үчүнчу закону.
8. Механикадагы күчтөр.
9. Оордук күчү жана салмак.
10. Серпилгич күчтөрү.
11. Сүрүлүү күчтөрү.
12. Ньютондун экинчи закону жана динамиканын эки маселеси.
13. Жалпы түрдөгү Ньютондун экинчи закону. Импульс. Материалдык чекиттин импульсунун сакталуу закону.
14. Импульстун сакталуу закону.

15. Өзгөрмөлүү массадагы чекиттин кыймылы. Реактивдик кыймыл.
16. Жумуш жана энергия.
17. Материалдык чекиттин статикасы.
18. Нерселердин кагылышы.
19. Күчтүн моменти.
20. Импульстун моментинин сакталуу закону.
21. Инерциялык эсептөө системасы жана Галилейдин салыштырмалуулук принциби. Галилейдин өзгөртүп түзүүсү.
22. Лоренцтин өзгөртүп түзүүсү. Атайын салыштырмалуулук теориясынын элементтери.
23. Релятивистик динамиканын элементтери.
24. Инерция күчү.
25. Борбордон четтөөчү инерция күчү.
26. Кориолис күчү.
27. Катуу нерсенин кинематикасы.
28. Катуу нерсенин кыймылын кошуу.
29. Катуу нерсенин массасынын борьорунун кыймылы.
30. Катуу нерсенин кыймылсыз октун айланасында айланышы.
31. Нерсенин инерция моменти жана аны эсептөө.
32. Жалпак нерселердин инерция моменти жөнүндөгү теорема.
33. Айланган нерсенин кинетикалык энергиясы.
34. Кыйлмылдаган нерсенин толук энергиясы.
35. Штейнердин теоремасын далилдөө.
36. Гироскоптор.
37. Гироскоптун түрлөрү.
38. Суюктуктардын жана газдардын статикасы.
39. Суюктуктардын тең салмактуулугу.
40. Суюктуктардын кинематикасы.
41. Реалдык суюктуктун жана газдын динамикасы.
42. Суюктуктардагы жана газдардагы нерселердин кыймылы.
43. Гармоникалык термелүүнүн кинематикасы.
44. Гармоникалык термелүүлөрдүн динамикасы.
45. Механикалык толкундар. Акустика.

## Модулдун суроолору

<table>
<tr><td>

**1-модулдун суроолору**

1. - Физиканын предмети жана анын башка илимдер менен байланышы. – Физика кандай бөлүмдөрдөн турат?

– Изилдөө методдору. Илимий изилдөө методдору, алардын натыйжасы.

– Математика жаратылыштын универсалдык тили катары. Декарттык жана полярдык координата системалары..

– Вектордук жана скалярдык чоңдуктар. Векторлорду кошуу жана кемитүү.

– Векторлордун скалярдык көбөйтүндүсү. Векторлордун вектордук көбөйтүндүсү.
</td></tr>
<tr><td>

2. - Механика эмнени окутат? Ал кандай бөлүмдөрдөн турат?

– Классикалык механикадагы абалдар түшүнүгү. Механиканын негизги маселеси. Эсептөө системасы.

– Материалдык чекит. Траектория. Которулун жана жол.

– Кыймылдын ылдамдыгы. Түз сызыктуу бир калыптагы кыймыл. Ылдамдануу. Материалдык чекиттин бир калыпта ылдамдатылган кыймылы.

– Ийри сызыктуу кыймыл, тангенциалдык жана нормалдык ылдамдануу.

– Ылдамдануу.
</td></tr>
<tr><td>

3. Айлануу кыймылы. Айлануу огу. Катуу телонун бурулуу бурчу. Бурчтук ылдамдык. Айлануу мезгили жана жыштыгы.
</td></tr>
</table>

| |
|---|
| – Кыймылдын сызыктуу жана бурчтук мүнөздөмөлөрүнүн арасындагы байланышы. Борборго умтулуучу ылдамдануу.<br>– Бурчтук ылдамдануу. Айлануу кыймылындагы материалдык чекиттин тангенциалдык жана нормалдык ылдамдануусу. |
| 4. - Динамика эмнени окутат. Динамикадагы негизги түшүнүктөр жана чоңдуктар.<br>– Инерсиалдык жана инерсиалдык эмес эсептөө системалары.<br>– Инерция кубулушу.<br>– Чуркап бараткан бала ташка чалынса алдыга көздөй жыгылат. Эгерде ал чуркап баратып, байкоосуздан кере тартылып турган жипке маңдайы менен тийсе, артты көздөй жыгылат. Бул фактынын себебин түшүндүргүлө.<br>– Ньютондун биринчи закону.<br>– Телолордун инерттүлүк касиети. Масса түшүнүгү.<br>– Массанын эталону үчүн кандай тело тандап алынган? Анын жардамы менен башка телолордун массалары кандайча аныкталат? |
| 5. Галилейдин координаттарды өзгөртүп түзүүсү жана салыштырмалуулуктун механикалык принциби. |
| 6. Механикалык система деп эмнени айтабыз?<br>– Инерция борбору деген эмне?<br>– Оордук борбору деген эмне?<br>– Масса борбору деген эмне?<br>– Импульс деп эмнени айтабыз?<br>– Телонун импульсу чоңдугу боюнча эмнеге барабар?<br>– Телонун импульсу кайсыл чоңдуктардан кандайча көз каранды?<br>– Системанын имлуьсу эмнеге барабар?<br>– Телонун жана системанын импульсу качан өзгөрөт?<br>– Туюк система деп эмнени айтабыз? Туюк системанын импульсу эмнеге барабар?<br>– Телонун же системанын импульсунун өзгөрүшү эмнеге барабар?<br>– Импульстун сакталуу закону.<br>– Кагылышуу процесси. Анын түрлөрү.<br>– Кагылшуу процесси үчүн импульстун сакталуу законунун орун алышы.<br>– Катуу тело деп эмнени айтабыз?<br>– Катуу телонун алга умтулуу кыймылы.<br>– Катуу телонун алга умтулуу кыймылынын негизги динамикалык теңдемеси. |
| 7. Күч деген эмне?<br>– Жаратылышта канча күч бар? Жаратылыштагы күчтөр деп кандай күчтөр айтылат? Арабаны тартып бараткан аттын күчү ушундай күчтөргө киреби?<br>– Серпилүү күчүнүн жашай тургандыгын негиздеп түшүндүргүлө.<br>– Телонун деформациясы деп эмне аталат? Анын кандай түрлөрү бар?<br>– Серпилүү күчү кайсы тарапты көздөй багытталат?<br>– Серпилүү күчүнүн модулу кайсыл чоңдуктардан, кандайча көз каранды болот?<br>– Гуктун законун негиздеп жазгыла, андагы ар бир чоңдукка түшүндүрмө бергиле, законду жыйынтыктап айткыла.<br>– Столдун бетинде турган бош чайнекке серпилүү күчү аракет этеби? Жообуңарды негиздегиле.<br>– Эгерде телого пружинанын серпилүү күчү гана аракет эте тургандай шарт түзүлсө, ал кандай кыймылга келет? Жообуңарды негиздегиле.<br>– Сүрүлүү күчүнүн жашай тургандыгын негиздеп түшүндүргүлө. Сүрүлүүнүн түрлөрү.<br>– Сыйгалангандагы сүрүлүү күчүн тажрыйбада кантип аныктоого болот?<br>– Сыйгалангандагы сүрүлүү күчү кайсыл тарапты көздөй багытталат? Анын модулу кайсыл чоңдуктардан, кандайча көз каранды болот? |

| |
|---|
| – Сыйгалангандагы сүрүлүү күчүнүн модулун туюнткан формуланы негиздеп жазгыла.<br>– Сыйгалангандагы сүрүлүү күчүнүн пайда болуу себеби эмнеде?<br>– Тынч тургандагы сүрүлүү күчүнүн жашашы жөнүндөгү фактыны негиздеп түшүндүргүлө.<br>– Тынч тургандагы сүрүлүү күчүнүн максималдык мааниси деп эмне айтылат? Ал эмнеге барабар болот?<br>– Автомобилдин кыймылынын мисалында тынч тургандагы сүрүлүү күчүнүн ролун көрсөткүлө.<br>– Кишинин кадамдап басышынын механизмин түшүндүргүлө.<br>– Автомобиль каалагандай чоң ылдамдануу менен кыймылга келе алабы? Жообуңарды негиздегиле.<br>– Тоголонгондогу сүрүлүү күчү деп кайсыл күч айтылат? Бул күчтүн жашашы жөнүндөгү фактыны негиздеп түшүндүргүлө.<br>– Тоголонгондогу сүрүлүү күчү эмнелерден көз каранды болот?<br>– Телого тоголонгондогу сүрүлүү күчү гана аракет эте тургандай шарт түзүлсө, ал кандай кыймылга келет?<br>– Бир эле телого аракет эткен тоголонгондогу сүрүлүү күчү чоңбу, же сыйгалангандагы сүрүлүү күчүбү?<br>– Жүрүп бараткан жеңил автомобилдин айдоочусу, автомобилинин бир дөңгөлөгүнүн жели чыгып, бошоп калганын жүрүп баратып эле билип калат. Айдоочу мындай тыянакка кантип келет?<br>– Оордук күч деп кайсыл күч айтылат? Анын модулу эмнеге барабар? Багыты кандай?<br>– Эркин түшүүнүн ылдамдануусун телолорго кайсыл күч берет? Анын модулу кайсыл чоңдуктардан, кандайча көз каранды болот? Багыты кандай?<br>– Эркин түшүнүн ылдамдануусунун аралыктан кандайча көз каранды болорун талдагыла.<br>– Телолордун эркин түшүүсүнүн ылдамдануулары бардык планеталарда жана Айда бирдей болобу? Эмне үчүн ?<br>– Бүткүл дүйнөлүк тартышуу күчүнүн жашашы жөнүндөгү фактыны негиздегиле.<br>– Жер бетине жакын жайгашышкан материалдык чекиттер Жерден канчалык алыстыкта турушат? Ушундай аралыкта турган учурда алар кандай ылдамдануу менен кыймылга келишет?<br>– Бүткүл дүйнөлүк тартышуу күчүн туюнткан формуланы негиздеп жазгыла. Аны ушундай түрдө жазууга кандай фактылар түрткү берген?<br>– Гравитациялык турактуулук эмнени көрсөтөт. Ал канчага барабар?<br>– Телонун салмагы деген эмне? Ал эмне үчүн бар? Ал эмнеге аракет этет?<br>– Жерге салыштырмалуу тынч турган эсептөө системасындагы телонун салмагы эмнеге барабар? Жообуңардын тууралыгын далилдеп чыгаргыла?<br>– Жерге салыштырмалуу ылдамдануу менен төмөн түшүп келе жаткан жана жогору көтөрүлүп бараткан эсептөө системасындагы телонун салмагы эмнеге барабар? Жообуңардын тууралыгын далилдеп чыгаргыла?<br>– Салмаксыз абал кандай абалда түзүлөт? Ашыкча жүкчү?<br>– Телонун салмагынын өзгөрүшүнө мисал келтиргиле, аны түшүндүргүлө?.<br>– Салмаксыз абалда, же ашыкча жүк түзүлгөндөй абалда турган киши өзүн кадимкидей эле сезеби? Эмне үчүн? |
| 8.<br>- Катуу телолордун кыймылынын эки түрү.<br>– Абсолюттук катуу тело.<br>– Телолордун айлануу кыймылынын өзгөчөлүктөрү.<br>– Күчтүн моменти.<br>– Катуу телолордун инерция моменти.<br>– Эгерде айлануу огун которсо, материалдык чекиттин инерция моменти өзгөрөбү. |

| |
|---|
| – Жарым жана толук цилиндрдин инерция моменти.<br>– Айлануу огун башкага которуу жөнүндөгү Штейнердин теоремасы. |
| 9. Материалдык чекиттин импульс моменти.<br>– Телолордун айлануу огуна салыштырмалуу импульс моменти.<br>– Күчтүн ийини деп эмнени айтабыз?<br>– Айлануу кыймылынын динамикасынын негизги теңдемеси.<br>– Импульс моментинин сакталуу закону.<br>– Айлануучу телонун кинетикалык энергиясы.<br>– Гироскоп эмнени айтабыз?<br>– Гироскоптук эффект.<br>– Гироскопту компас катары пайдаланууга болобу? |
| **2-модулдун суроолору** |
| 1. Массасы өзгөрмөлүү телолордун кыймылы, реактивдүү кыймыл. Мещерскийдин теңдемеси.<br>Циолковскийдин закону.Ракеталардын кыймылы |
| 2. Каалагандай кыймылдын универсалдык чени.<br>– Энергия деп эмнени айтабыз?<br>– Энергиянын түрлөрү.<br>– Механикалык жумуш.<br>– Туруктуу жана өзгөмө күчтөрдүн жумушу.<br>– Оордук күчүнүн жумушу.<br>– Сүрүлүү күчүнүн жумушу.<br>– Кубаттулук.<br>– Кубаттулуктун бирдиги. |
| 3-Кинетикалык энергия.<br>– Потенциалдык энергия.<br>– Энергиянын сакталуу жана айлануу закону.<br>– Потенциалдык энергия менен потенциалдык күчтүн ортосундагы байланыш.<br>– Телолордун системасынын толук механикалык энергиясы.<br>– Телолордун тең салмактуулук шарты. |
| 4. Салыштырмалуу кыймыл дегенди кандай түшүнсө болот? Абсолюттук кыймыл жашайбы?<br>– Инерциалык жана инерциалык эмес эсептөө системалары.<br>– Кыймылдын салыштырмалуулугу жана Галилейдин өзгөртүп түзүүлөрү.<br>– Галилейдин салыштырмалуулугунун механикалык принциби.<br>– Ньютондун закондорунун колдонулуу чеги.<br>– Эйнштейндин постулаттары.<br>– Салыштырмалуулук теориясында убакыттын салыштырмалуулугу. |
| 5. Релятивисттик механиканын негиздери.<br>– Лоренцтин өзгөртүп түзүүлөрү.<br>– Лоренцтин өзгөртүп түзүүлөрү Ньютондун закондору менен макул келеби.<br>– Узундуктун бир системадан башка системага өтүүдө өзгөрүшү.<br>– Ылдамдыктарды кошуунун релятивисттик закону.<br>– Бир системадан башкасына өтүүдө массанын өзгөрүшү.<br>– Энергия менен массанын ортосундагы байланыш.<br>– “Атайын салыштырмалуулук теориясы” эмнени түшүндүрөт. |
| 6. -Кандай эсептөө системаларын инерциалдык эмес деп аташат?<br>-Кандай күчтөрдү инерциалдык жана Ньютондук деп атайбыз? |

| |
|---|
| -Инерциалдык эмес эсептөө системасындагы нерсе үчүн кыймылдын теңдемесин ( Ньютондун законун) жазгыла.<br>-Алга умтулуп кыймылдаган инерциалдык эмес эсептөө системасында инерция күчү кандай эреженин негизинде эсептелинет?<br>-Кандай инерция күчтөрүн корилистик деп аташат?<br>-Кориолис күчүнүн пайда болуу себептерин түшүндүргүлө.<br>-Жерде кандай инерция күчтөрү байкалат?<br>-Нерсенин салмагы деп эмнени айтабыз?<br>-Эмне себептен эркин түшүүнүн ылдамдануусу кеңдиктен көз каранды болорун түшүндүргүлө.<br>-Салмаксыздык кайсы учурда пайда болот?<br>-Салмаксыздык байкалган учурдан мисал келтиргиле. |
| 7. Термелүү мезгилдүү кыймылдардан эмнеси менен айырмаланат?<br>– Термелүүнүн түрлөрү.<br>– Гармоникалык термелүү.<br>– Амплитуда деп эмнени айтабыз?<br>– Гармоникалык термелүүлөрдүн геометриялык модели.<br>– Фазалык бурч деп эмнени айтабыз?<br>– Термелүүнүн жыштыгы, мезгили, баштапкы фазасы деген эмне?<br>– Пружиналык маятник кандай иштейт?<br>– бирдей жыштыктагы термелүүлөрдү кошууда эмне болот?<br>– Өз ара перпендикуляр термелүүлөрдү кошуу. |
| 8. Эркин термелүү деген эмне?<br>– Эркин термелүү кайсыл закон боюнча ишке ашат?<br>– Квазисерпилгичтүү күч деп кандай күчтү атайбыз?<br>– Гармоникалык эркин термелүүнүн негизги теңдемеси.<br>– Физикалык маятник, анын математикалык маятниктен айырмасы.<br>– Математикалык маятниктин термелүү мезгили.<br>– Термелүүчү телонун толук энергиясы.<br>– Математикалык жана физикалык маятниктердин термелүү мезгилдери жүктүн массасынан көз каранды болобу?<br>– Эмне үчүн эркин термелүү өчөт? |
| 9. Толкун деген эмне? Толкундун түрлөрү.<br>– Узатасынан жана туурасынан кеткен толкундар.<br>– Толкун узундугу деген эмне?<br>– Механикалык толкундарын түрлөрү.<br>– Толкундардын таралуу ылдамдыгы.<br>– Жалпак бир өлчөмдүү толкундардын теңдемеси.<br>– Толкундук бет.<br>– Фазалык ылдамдык.<br>– Доплер эффекти.<br>– Толкундардын чагылуусу. |

**Негизги адабияттар**


10. Архангельский М.М. Механика, М., Просвещение 1975г
11. Иродов И.Е. Основные задачи механики. -М., «Высш. Школа», 1978
12. Кидибаев М.М., Шаршеев К. Жалпы физика курсу. I том. Механика
13. Киттель М., Найт У.,Механика.,М.,1982г.

14. Матвеев А.Н. Механика и теория отн. М. ,1976г. и др.изд.
15. Сивухин И.В. Общей курс физики.Т.1. М. 1974,1979, 1989
16. Стрелков С.П. Механика .,М.,Наука, 1975.
17. Хайкин С.П. Физические основы механики., 1975г.

**Кошумча адабияттар**

1. Авоста, В. К, Кован, Б. Грэм. Основы современной физики (пер. с англ.) –М.,»Просв.», 1981.
2. Балаш В.А. Сб. задач по курсу ОФ.-М.,»Просв.».
3. Волькенштейн В.С.СБ. задач по ОФ. –М., «Физматгиз», 1964-1985г.
4. Детлаф А.В. и др. Курс физики.Т.1. М. «Высшая школа». 19783г.
5. Иродов И. Е. Задачи по общей физике. М., Наука. 1979г.
6. Яворский Б.М., и А.А. Детлаф. Справочник по физике –М.,»Наука» 1980.
7. Новиков И. Куда течет река времени? - М., Молодая гвардия, 1990.
8. Савельев И.В. Курс общей физики.Т.1.М.,Наука 1982г.
9. Сахаров Д.И.. Сб. задач по физике М., «Просв.» ,1971.
10. Физический практикум. Механика и молекулярная физика / Под ред. Проф. Иверновой В.И. - М.: «Наука», 1981
11. Цедрик. Сб. задач по физике. - Минск, 1985.
12. Черненко В.П. Лабораторные работы по механике. – Ош,1994.
13. Чертов А.Г. Единицы физических величин. М., «Высш. школа», 1977.
14. Яворский Б.М  Курс физики. Т.1. М., «Высшая школа».

# ГЛОССАРИЙ

**Механика-** *физиканын кыймылды жана кыймылды пайда кылуучу күчтөрдү изилдөөчү бөлүмү*

**Механикалык кыймыл-** убакыттын өтүшү менен нерселердин абалынын башка нерселерге салыштырмалуу мейкиндиктеги абалынын өзгөрүшү.

**Эсептөө системасы** - нерселердин мейкиндиктеги ордун жана убакыттын өтүшүн аныктоо үчүн колдонулган инструменттердин жыйындысы.

**Траектория** - кыймылдаган материалдык чекиттин же нерсенин убакыттын өтүшү менен мейкиндикте калтырган сызыгы.

**Кинематика**-нерсенин кыймылынын физикалык себептери жана анын массасы эсепке алынбастан, нерселердин кыймылынын касиеттерин математикалык жактан сүрөттөп жана изилдеген бөлүмү.

**Динамика**- кыймылдын, анын ылдамдануусунун пайда болуш себебин үйрөтүүчү механиканын бөлүмү.

**Статика**-механиканын материалдык нерсеге күч таасир эткенде ал нерсенин тең салмактуу абалын изилдөөчү бөлүмү.

**Материалдык чекит**-бул массасы бар, бирок өлчөмдөрү жана формасы берилген шарттагы кыймылды изилдөөгө таасир этпей тургандай кичинекей депэсептелген дене.

**Түз сызыктуу кыймыл**-бул материалдык чекиттин же нерсенин траекториясы түз сызык болгон кыймыл.

**Ийри сызыктуу кыймыл**-траекториясы ийри сызык болгон кыймыл ийри сызыктуу кыймыл деп аталат.

**Жол-**бул физикада кыймылдын мүнөздөмөсү катары колдонулуучу скалярдык физикалык чоңдук.

**Которулуш**-бул материалдык чекиттин кыймылынын натыйжасындагы баштапкы абалы менен акыркы абалын туташтырган багытталган кесинди(вектор).

**Ылдамдык**-бул нерсенин кыймылынын тездигин жана багытын мүнөздөөчү физикалык чоңдук.

**Ылдамдануу**-ылдамдыктын өзгөрүшүнүн ошол өзгөрүү болуп өтүүгө кеткен убакытка болгон катышы менен ченелүүчү туруктуу чоңдук.

**Кинетикалык энергия**-бул скалярдык физикалык чоңдук, ал нерсенин же системанын кыймылынын сандык чени болуп саналат жана нерсенин кыймылынын эсебинен анын башка нерселерге карата жумуш аткаруу жөндөмдүүлүгүн мүнөздөйт.

**Инерция** –нерселердин өз ылдамдыгынын чоңдугун жана багытын сактоого умтулуу касиети инерция деп аталат.

**Күч-**ылдамдыкты өзгөртүп, ылдамданууну пайда кылуучу бир нерсени экинчи нерсеге жасаган аракетин мүнөздөөчү чоңдук күч деп аталат.

**Серпилгич күчү-** деформация учурунда пайда болуп, деформацияланган нерсени кайта калыбына келтирүүчү күч- серпилгич күчү деп аталат.

**Жумуш-** нерсеге аракет эткен күчтүн натыйжасында анын кандайдыр бир аралыкка жылуу процесси механикалык жумуш деп аталат.

**Кубаттуулук-** механикалык жумуштун чондугунун ошол жумушту аткарууга кеткен убакытка болгон катышы менен ченелүүчү чоңдук кубаттуулук деп аталат.

**Механикалык энергия-** нерсенин же нерселер системасынын жумуш аткаруу жөндөмдүүлүгү механикалык энергия деп аталат.

**Потенциалдык энергия-** эки нерсенин же нерсенин бөлүкчөлөрүнүн абалдарына байланышкан энергия потенциалдык энергия деп аталат.

**Кинетикалык энергия-** кыймылдагы нерсенин энергиясы, б.а. нерсенин кыймылдап бара жатып жумуш аткаруу жөндөмдүүлүгү кинетикалык энергия деп аталат.

**Деформация-** күчтүн таасири астында нерсенин формасынын, көлөмүнүн өзгөрүшү деформация деп аталат.

**Резонанс**-бул физикалык кубулуш, ал аргасыз термелүүчү системанын термелүү амплитудасынын кескин чоңойушу менен мүнөздөлөт.

# ОКУУ МЕТОДИКАЛЫК МАТЕРИАЛДАР

## Ньютондун закондору

**1. Динамиканын негизги маселеси.**
**2. Негизги динамикалык чоңдуктар: масса, күч.**
**3. Ньютондун закондору.**
**4. Инерциалдуу эсептөө системасы жана инерциалдуу эмес эсептөө системасы.**

**Жалпы максат:**
Студенттерге механиканын негизин түзгөн Ньютондун закондорунун физикалык маңызын терең түшүндүрүү жана аларды реалдуу физикалык системаларды талдоодо колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Окуу максаттары:**

1. Ньютондун үч законун мазмунун жана алардын бири-бири менен логикалык байланышын түшүндүрөт;
2. Кыймылдын себеби катары күчтүн ролун жана анын телого тийгизген таасирин анализдейт;
3. Ньютондун экинчи законун колдонуп телонун кыймыл теңдемесин чыгарат;
4. Бир нече күчтүн таасиринде кыймылдоочу телолор үчүн натыйжалуу күчтү жана тездетүүнү аныктайт;
5. Закондорду лабораториялык иштерде, моделдөөлөрдө жана инженердик эсептерде колдонот.

1. Механиканын негизги маселеси - ар кандай убакыт моментинде телонун абалын аныктоо. Кинематикадан биз телолор ар кандай кыймылда боло аларын: троекториясы боюнча түз сызыктуу, ийри сызыктуу болуп, ошол ылдамдыгы боюнча тез же жай кыймылда болушарын карап өткөнбүз. Убакыттын өтүшү менен ушул кыймылдар кандай өзгөрөрүн, математикалык жазылышын, кыймылды мүнөздөөчү чоңдуктар менен таанышып кеткенбиз. Ал эми эмне үчүн телолор так ушундай кыймылдаарына жооп берилген эмес.

Динамиканын негизги маселеси - кыймылдын салыштырмалуулук идеясын андан ары талкулоо зарылчылыгы, кыймылдын өзгөрүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүн тигил же бул мүнөзгө ээ болушунун себебин түшүндүрөт. Динамика ошондой эле кыймылдын өзгөрүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүнүн колдонулуш чегин да карап өткөн.

2. Физика - жансыз жаратылыштагы өзгөрүштөрдү жана закон ченемдүүлүктөрүн карайт дегенбиз. Жаратылыштагы кубулуштарды мүнөздөш үчүн физикалык чоңдуктар киргизилет. Ошол чоңдуктардын бири-бири менен болгон байланышы же катышы закон деп аталат.

Биз бүгүн негизги динамикалык эки чоңдук менен таанышабыз:m- масса , $\vec{F}$ - күч. Масса - бул телонун инерттүүлүгүн мүнөздөөчү чоңдук. Инерттүүлүк - бул бардык эле телолорго тиешелүү касиет. Башкача айтканда телонун өзүнө тиешелүү касиетти мүнөздөш үчүн физикалык чоңдук катары туюндуруу зарылчылыгы келип чыгат. Эгерде: эки арабача берилсе бирине жүк салып, экинчиси бош бирдей арабачалар өз ара аракеттенишсе, анда алар түрдүү ылдамданууларды алышат. Жүк салынган арабача азыраак ылдамданууга келет. Бул жүк салынган арабачанын инерттүүлүгү бошуна караганда эки эсе чоң дегенди билдирет. Инерттүүлүк - аракетке каршы телонун касиети. Нерсенин инерттүүлүгүн туюндурууучу чоңдукту масса деп атайбыз. Масса - инерттүүлүктүн чени. Өз ара аракеттенишип жаткан нерселердин ылдамданууларынын модулдарынын катышы, демек, алардын массаларынын тескери катыштарына барабар.

$$\frac{a_2}{a_1} = \frac{m_1}{m_2} \quad (6.1)$$




Телолор бирдей өз ара аракеттешүүгө келсе да ар түрдүү ылдамданууга келишет: $\Delta\vartheta_1 = a_1\Delta t$, $\Delta\vartheta_2 = a_2\Delta t$, $\vec{a} = \dfrac{\vec{\vartheta} - \vec{\vartheta}_0}{t}$ - бизге белгилүү бул формуладан телонун ылдамдануусу кичине болсо, башкача айтканда ылдамдыктын өзгөрүшү берилген убакыттын ичинде аз өзгөрсө экинчи бир телого салыштырмалуу, анда тело инерттүүрөк.

Инерттүүлүк - телонун ылдамдыгын өзгөртүү үчүн кандайдыр бир убакыт талап кылынат деген. Эгерде телонун ылдамдыгынын өзгөрүшүнө көп убакыт кетти десек, тело ошончолук инерттүүрөөк. Аны төмөнкү тажрыйбадан көрсөк болот.




Сүрөттөн астынкы жипти кескин жулкуп тартсак, анда үстүнкү жип ошол бойдон калат, демек, телонун ылдамдыгын өзгөртүш үчүн убакыт талап кылынат. Ал убакыт кыска болгондуктан телого жетпестен ылдамдыктын өзгөрүшү үстүнкү жип үзүлбөй тело төмөн көздөй которулууга үлгүрбөй калат.

2-сүрөттөн төмөнкү жипти жай тартканда цилиндирге узак убакыт бою аракет кылынат да, ал жетиштүү ылдамдыкка ээ болот. Үстүнкү жип үзүлүп кетет.

Телонун массасын өлчөөнүн жолдору кайсылар?

а) Таразага тартуу жолу менен.

А эгерде Жердин же Айдын массасы болсо, аны да таразага тарта алабызбы деген суроо туулат? Ошондой эле аларды түзгөн эң кичине элементардык бөлүкчөлөрдү да тартууга болбойт.

б) Нерселердин өз ара аркеттешүүсүнөн да алардын массасын аныктоого болот.

Массанын СИ системасындагы бирдиги 1 кг. 1 кг деп 90% Pt (платинадан) жана 10% Jr (иридийден) турган диаметри, бийиктиги 39мм барабар болгон цилиндир түрүндөгү тело кабыл алынган. Ал эталон катары Парижде сакталып турат.



В **1889** году роль прототипа килограмма была «поручена» цилиндрической гире из платино-иридиевого сплава, а ее 40 точных копий стали международными эталонами. Две из них ( № 12 и № 26 ) были переданы России.

Эталон № 12 был принят в качестве Государственного первичного эталона массы. В настоящее время эталон хранится в институте метрологии им. Д. И. Менделеева в Санкт - Петербурге.

$$\frac{a_{эт}}{a_m} = \frac{m_m}{m_{эт}} \Rightarrow m_m = \frac{a_{эт}}{a_m}$$

Күч - бул өз ара аракеттешүүлөрдүн чени. Телонун кыймылынын өзгөрүшүнүн себеби эмнеде? Биз телону ылдамданууга келтирсек биздин кыймылыбыз эмес, телонун кыймылы кызыктырат. Демек, ылдамдануу телого аракет кылуучу күчтүн таасири астында келип чыгат. $2m$ күч таасир этсин: $a/2$; $3m \to a/3$; $4m \to a/4$; $F = ma$.

Ылдамданууну пайда кылуучу экинчи телонун таасири, ылдамдатылуучу телого аракет эткен күч деп аталат.

Күчтүн бул аныктамасы сапаттык жактан гана мүнөздөйт, ал эми ал күчтөрдү өлчөөнүн күч деп аталуучу бул аракетти сандык ченин камтыбайт.

Бир күч кандайдыр бир телого чоң, ал эми экини кичине ылдамдануу бериши мүмкүн. Күч - сан менен туюнтууга боло турган физикалык чоңдук.

Пружинага илинген жүккө эки күч аракет этет:

- жер тарабынан телого аракет эткен күч оордук күчү;
- пружинанын чоюлуусунан пайда болгон серпилүү күчү.




Бул күчтөрдүн ар бири телого ылдамдануу берет. Эгерде тело тынч туруп калса, анда $a = 0$ бул болсо $\vec{a} = -\vec{g}$ .

Күч вектордук чоңдук - сандык жана багыттык мааниге да ээ. $\vec{F}_{сер} = -\vec{F}_{оор}$

Азыркы физикада телолордун өз ара аракеттешүүлөрүнүн ченин төмөндөгүчө бөлүүгө болот:

а) гравитациялык өз ара аракеттешүүлөр

б) электромагниттик өз ара аракеттешүүлөр

в) күчтүү же ядролук өз ара аракеттешүүлөр: нуклондордун ортосундагы аракеттешүүлөр

г) начар өз ара аракеттешүүлөр: бул элементардык бөлүкчөлөрдүн ажыроо прцессинде пайда болот $e^- \to e^+ + \gamma + e^-$ .

Бул күчтөрдү санап өткөндөн кийин күчкө төмөндөгүдөй аныктама берүүгө болот: Күч деп, телолордун же талааланын берилген телого жасаган аракеттин сан түрүндө туюнткан вектордук чоңдукту айтабыз. $\vec{F}$ - күчтүн бирдиги СИ системасында $\vec{F} = 1H$ . Массасы *1 кг* болгон тело $1м/с^2$ ылдамдануу берүүчү күчтү *1H* деп атайбыз.

$$\vec{F} = m \cdot \vec{a}\ ;\quad 1кг \cdot 1\frac{м}{с^2} = 1H\ ;\quad 1дин = 10^{-5}H$$

Эгерде берилген телого бир эле учурда бир нече күчтөр таасир этип калса, анда телону кыймылга келтирүүчү күчтү күчтөрдү кошуу менен же башкача айтканда түзүүчүлөргө барабарлайбыз. Телого аракет эткен күчтөрдүн векторлук суммасы натыйжалоочу күчкө барабар.




$$\vec{F}_H = \vec{F}_1 + \vec{F}_2 + \vec{F}_3$$

$$F_H = \vec{F}_1 - (\vec{F}_2 + \vec{F}_3) = 0$$

$$F_H = 2 - (1+1) = 0$$

**Ньютондун закондору.**

И. Ньютондун кыскача тарыхы.

Ньютондун үч закону динамиканын закондору деп аталат. Ньютондун классикалык механикасы үч кылымга жакын дүйнөнүн физикалык картинасынын негизин түзүп келген. Качан гана 19-кылымдын экинчи жарымында 20-кылымдын башталышында электромагниттик талаа теориясы, салыштырмалуулук теориясы менен квант теориялары ачылгандан кийин гана Ньютондук теориялардын чектүүлүгү аныкталды. Механиканын негизги маселеси Ньютондун закондорун колдонуу менен чечилет.

Ньютондун 1-закону - материя же телонун алгачкы абалы болуп тынч абал же бир калыпта түз сызыктуу абалы эсептелери жөнүндө.

$$\vec{F}_1 + \vec{F}_2 + \vec{F}_3 + ... + \vec{F}_{|n} = 0$$

Эгерде нерсеге сырттан күч аракет этпесе же аракет эткен күчтөр бири-бирин компенсациялашса, анда ал нерсе өзүнүн универсалдык тынч абалын жана түз сызыктуу бир калыптагы кыймылын сактайт.
Мисалы: столдун бетиндеги китеп, штатифке илинген маятниктин шариги.

Ньютондун 2-закону - бул закон механикалык үч чоңдуктун байланышын берет $\vec{F}$ , $m, \vec{a}$ .

$\vec{a} = \frac{\vec{F}}{m}$ (6.2) Нерсенин ылдамдануусу ага аракет эткен күчкө түз, ал эми массасына тескери пропорциялаш жана $\vec{a}$ - багыты, $\vec{F}$ - күчтүн багытына багытташ. $\vec{F} = m \cdot \vec{a}$ (6.2)' көрүнүшүндө жазсак болот.

Нерсеге аракет эткен күч, анын массасын күч берген ылдамдануга болгон көбөйтүндүсүнө барабар.

$$\vec{a} = \frac{d\vec{\vartheta}}{dt}; \quad \vec{F} = m\frac{d\vec{\vartheta}}{dt}$$

Ньютондун 3-закону - нерселердин өз ара таасир этишүүчү күчтөрү жөнүндө болот. Бирдей өлчөмдө өз ара аракеттешүүчү эки тело каралат.

$$m_1\vec{a}_1 = -m_2\vec{a}_2$$

$$\vec{F}_1 = -\vec{F}_2 \quad (6.3)$$

Ар кандай таасирге карама-каршы таасир бар, таасир этүү күчтөрү сан жагынан барабар, багыттары карама-каршы болгон түз сызыкты бойлото кыймылга келишет. Кыскача аныктамасы: “Аракет каршы аракетке барабар.”

Аракет кылуучу күч жана каршы аракет кылуучу күч да бир убакта пайда болуп, бир убакта жоголот, жана алардын бири өзгөрсө, ага жараша экинчиси да өзгөрөт.

Ньютондун закондору негизинен механиканын бардык маселерин чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Мисалы: Сен, Оштон Бишкекке “ТУ-154” самолёту менен учуп келдиң, аэропорттогу самолётту тейлөөчүлөргө ар кандай убакыт моментиндеги самолёттун абалын алдын ала билүүсү зарыл.

Массасы, телого таасир эткен күчтөр белгилүү болсо ылдамдануууну табууга болот, андан кийин анын ылдамдыгы жана убакыттын ар кандай аралыгындагы которулушу, акырында убакыттын ар кандай моментиндеги самолёттун координатасы эсептелет. Бул эсептөөлөр үчүн “баштапкы шарттар” телонун баштапкы ылдамдыгы жана баштапкы абалы белгилүү болуш керек.

$$\vec{F}=m\cdot\vec{a}\Rightarrow\vec{a}=\frac{\vec{\vartheta}-\vec{\vartheta}_0}{t}\Rightarrow\vec{\vartheta}=\vec{\vartheta}_0+\vec{a}t\Rightarrow\frac{dS}{dt}=\vec{\vartheta}_0+\vec{a}t\Rightarrow S=\vec{\vartheta}_0t+\frac{\vec{a}t^2}{2}\quad x=x_0+\vec{\vartheta}_{0x}+\frac{\vec{a}_xt^2}{2}.$$

**Инерциалдуу эсептөө системасы, инерциалдуу эмес эсептөө системасы.**

Жаратылышта абсолюттуу тынч абал да, абсолюттуу кыймыл да жок. Ар кандай кыймыл жана ошондой эле тынч абал салыштырмалуу болуп эсептелет.

Кинематиканы окуп үйрөнүүдө ар кандай эсептөө системасына карата бир эле телонун кыймылы ар түрдүү экендигин, траектория, которулуш, ылдамдыгы бири-бирине салыштырмалуу, башкача айтканда эсептөө системасын тандап алууга көз каранды.




Мисалы: *xy* - координатасын тынч турган эсептөө системасы деп, *k* - эсептөө системасын кыймылсыз деп, *x'y'-k'*- эсептөө системасынын кыймылдуу эсептөө системасы. Экөөндө эле баланын кыймылынын өзгөрүшү каралат.

*k'* - эсептөө системасындагы платформа деп анын үстүндө чуркап бараткан баланын ылдамдыгын табалы. *xy* башкача айтканда *k* - эсептөө системасына салыштырмалуу:

$$\vec{\vartheta}=\vec{\vartheta}'_п+\vec{\vartheta}''_б;\quad \vec{\vartheta}=\vec{\vartheta}_б$$

Сырткы таасирлер өз ара компенсацияланган кезде, тело салыштырмалуу түз сызыктуу бир калыпта кыймылга келген же тынч абалда боло алган эсептөө системасын инерциалдык эсептөө системасы деп аталат.

Инерциалдык эсептөө системага салыштырмалуу ылдамдатылган кыймылга ээ болгон система инерциалдык эмес эсептөө системасы деп аталат.

*k* - инерциалдык эсептөө системасы.

*k'* -инерциалдык эмес эсептөө системасы.

**Адабияттар:**

**1. Кидибаев М.М., Шаршеев К. Жалпы физика курсу. I том. Механика физика Кидибаев М.М., Шаршеев К. Жалпы физика курсу. 11 том. Молекулалык 3. магнетизм. Кидибаев Бишкек: М.М., Шаршеев К. Жалпы физика курсу. III том. Электр Илим, 2004. 4406. 4. S. Кидибаев М.М., Шаршеев К. Жалпы физика курсу. IV том. Оптика жана Молекулалык Эгемберлиев Ж.. П.Кожобекова. Ж.Мамасадыкова «Физикалык практикум. физика». Ош, 2008-ж. 6. Физикалык практикум. Электромагнетизм. Түзүүчүлөр: Ж. Эгембердиев. 3. Омаралиева. - Ош:**

## Тесттер

### А деңгээли

**1.** Көз ирмемдеги ылдамдык

1 . $\vec{\vartheta} = \frac{d\vec{r}}{dt}$ 2. $\vec{\vartheta} = \vec{\vartheta}' + \vec{\vartheta}_0$ 3. $\vartheta = \sqrt{ar}$ 4. $\vec{\vartheta} = \frac{s}{t}$ 5. $\vec{\vartheta} = [\vec{w}, \vec{r}]$

**2.** Галилейдин ылдамдыктарды кошуу закону

1. $\vec{\vartheta} = \frac{d\vec{r}}{dt}$ 2. $\vec{\vartheta} = \vec{\vartheta}' + \vec{\vartheta}_0$ 3. $\vartheta = \sqrt{ar}$ 4. $\vartheta = \frac{s}{t}$ 5. $\vec{\vartheta} = [\vec{w}, \vec{r}]$

**3.** Сызыктуу жана бурчтук ылдамдыктардын өз ара байланышы

1. $\vec{\vartheta} = \frac{d\vec{r}}{dt}$ 2. $\vec{\vartheta} = \vec{\vartheta}' + \vec{\vartheta}_0$ 3. $\vartheta = \sqrt{ar}$ 4. $\vartheta = \frac{s}{t}$ 5. $\vec{\vartheta} = [\vec{w}, \vec{r}]$

**4.** Гармоникалык термелүүлөрдүн теңдемеси

1. $A^2 = A_1{}^2 + A_2{}^2 + 2A_1A_2\cos\delta$ 2. $a_k = w^2R$ 3. $\frac{d^2x}{dt^2} + w_0{}^2x = 0$

4. $p + \frac{\rho\vartheta^2}{2} + \rho gh = const$ 5. $F = 6\pi\eta \cdot R \cdot \vartheta$

**5.** Бернуллинин теңдемеси

1. $A^2 = A_1{}^2 + A_2{}^2 + 2A_1A_2\cos\delta$ 2. $a_k = w^2R$ 3. $\frac{d^2x}{dt^2} + w_0{}^2x = 0$

4. $p + \frac{\rho\vartheta^2}{2} + \rho gh = const$ 5. $F = 6\pi\eta \cdot R \cdot \vartheta$

**6.** Стокстун формуласы

1. $A^2 = A_1{}^2 + A_2{}^2 + 2A_1A_2\cos\delta$ 2. $a_k = w^2R$ 3. $\frac{d^2x}{dt^2} + w_0{}^2x = 0$

4. $p + \frac{\rho\vartheta^2}{2} + \rho gh = const$ 5. $F = 6\pi\eta \cdot R \cdot \vartheta$

**7.** Элементардык жумуш

1. $dA = \vec{F} \cdot d\vec{r}$ 2. $A = \vec{F} \cdot \vec{S}$ 3. $A = F \cdot S \cdot \cos\alpha$ 4. $A = mgh$ 5. $A = \frac{kx^2}{2}$

**8.** Системанын импульсунун өзгөрүү закону

1. $\frac{d\vec{p}}{dt} = \vec{F}$ 2. $\frac{d\vec{p}}{dt} = 0$ 3. $\frac{d\vec{p}}{dt} = \vec{L}$ 4. $\frac{d\vec{p}}{dt} = A$ 5. $\frac{d\vec{p}}{dt} < 0$

**9.** Өйдө ыргытылган таштын кайра жерге келип түшүүсүн кайсы законго таянып түшүндүрөбүз ?
1. Инерция законуна 2. Бүткүл дүйнөлүк тартылуу законуна
3. Ньютондун 3-законуна 4. Бернулинин законуна 5. Омдун законуна

**10.** Күчтүн чен бирдиги
1. кг 2. м 3. с 4. Н 5. Дж

**11.** Массанын чен бирдиги
1. кг 2. м 3. с 4. К 5. Дж.

**12.** Жумуштун чен бирдиги

1. кг 2. м 3. с 4. К 5. Дж.

**13.** Убакыттын чен бирдиги
1. кг 2. м 3. с 4. К 5. Дж.

**14.** Узундуктун чен бирдиги
1. кг 2. м 3. с 4. К 5. Дж.

**15.** Өчүүчү механикалык термелүүлөрдүн теӊдемеси
1. $\frac{d^2x}{dt^2}+w_0{}^2=0$ 2. $\frac{d^2x}{dt^2}+2\beta\frac{dx}{dt}+w_0{}^2x=0$ 3. $x=A\cos(wt-kx)$
4. $x=A\cdot e^{-\beta t}\cdot\cos(wt+\varphi)$ 5. $w=\sqrt{w_0{}^2-\beta^2}$

**16.** Инерциялдык эсептөө системасы деп эмнени айтабыз?
а) Турактуу ылдамдыкта инерция менен айлана боюнча кыймылдаган эсептөө системасын.
**б) Нерсеге сырттан күч аракет этпесе же алардын таасири өз ара компенсацияланышса нерсе ага салыштырмалуу тынч абалын же түз сызыктуу бир калыпта кыймылын сактай ала турган эсептөө системасын**
в) Нерсеге сырттан аракет эткен таасир жок болсо же алар компенсацияланса, нерсе ага салыштырмалуу багыты жана чоӊдугу боюнча турактуу ылдамдануу менен кыймылда болгон эсептөө системасын.
г) Парабола боюнча кыймылда болгон эсептөө системасын.
д) Жылма ийри сызык боюнча кыймылдаган эсептөө системасын.

**17.** Өчүүчү термелүүлөрдүн теӊдемесинин чечими
1. $\frac{d^2x}{dt^2}+w_0{}^2=0$ 2. $\frac{d^2x}{dt^2}+2\beta\frac{dx}{dt}+w_0{}^2x=0$ 3. $x=A\cos(wt-kx)$
4. $x=A\cdot e^{-\beta t}\cdot\cos(wt+\varphi)$ 5. $w=\sqrt{w_0{}^2-\beta^2}$

**18.** Өчүүчү термелүүлөрдүн жыштыгы
1. $\frac{d^2x}{dt^2}+w_0{}^2=0$ 2. $\frac{d^2x}{dt^2}+2\beta\frac{dx}{dt}+w_0{}^2x=0$ 3. $x=A\cos(wt-kx)$
4. $x=A\cdot e^{-\beta t}\cdot\cos(wt+\varphi)$ 5. $w=\sqrt{w_0{}^2-\beta^2}$

**19.** Идиштин түбүнө жасалган гидростатикалык басым ... көз каранды.
а) түбүнүн аянтынан б) идиштин формасынан
в) идиштеги суюктуктун салмагынан **г) идишке куюлган суюктуктун бийиктигинен**
д) идиш жасалган материалдан
**20.** Математикалык маятниктин кичинекей термелүүлөрүнүн мезгили
1. $T=2\pi\sqrt{\frac{l}{g}}$ 2. $T=2\pi\sqrt{\frac{m}{k}}$ 3. $T=2\pi\sqrt{\frac{L}{g}}$ 4. $T=2\pi\sqrt{\frac{J}{k}}$ 5. $T=2\pi\ /\ \sqrt{\frac{k}{m}-\beta^2}$

**21.** Динамика- ..... кыймылдын келип чыгуу себебин окутат.
1.механикалык 2. жылуулук. 3. молекулалык 4.ядролук
5. теӊ салмактуулук

**22.** Пружинага илинген жүктүн термелүү мезгили
1. $T=2\pi\sqrt{\frac{l}{g}}$ 2. $T=2\pi\sqrt{\frac{m}{k}}$ 3. $T=2\pi\sqrt{\frac{L}{g}}$ 4. $T=2\pi\sqrt{\frac{J}{k}}$ 5. $T=2\pi\ /\ \sqrt{\frac{k}{m}-\beta^2}$

**23.** Физикалык маятниктин кичинекей термелүүлөрүнүн мезгили

1. $T = 2\pi\sqrt{\frac{l}{g}}$ 2. $T = 2\pi\sqrt{\frac{m}{k}}$ 3. $T = 2\pi\sqrt{\frac{L}{g}}$ 4. $T = 2\pi\sqrt{\frac{J}{k}}$ 5. $T = 2\pi \ / \ \sqrt{\frac{k}{m} - \beta^2}$

**24.** Төмөнкү процесстердин кайсынысы механикалык кыймыл эмес?
а) Нерсенин өз огунун айланасында айланышы.
б) Нерсенин Күнгө салыштырмалуу тынч абалда болушу.
**в) Аныктамаларды механикалык жаттоо процесси.**
г) Идиштеги суунун агып чыгуу процесси.
д) Адамдын басуу процесси.

**25.** Бүткүл дүйнөлүк тартылуу законунун формуласы

1. $\frac{d\vec{p}}{dt} = \sum_{i=1}^{n}\vec{F}_1$ 2. $\vec{F}_{12} = -\vec{F}_{21}$ 3. $\vec{F} = -k\Delta\vec{x}$ 4. $F = \gamma\frac{mM}{r^2}$ 5. $F = k\cdot\frac{q_1 q_2}{r^2}$

**26.** Ньютондун 2-законунун формуласы

1. $\frac{d\vec{p}}{dt} = \sum_{i=1}^{n}\vec{F}_1$ 2. $\vec{F}_{12} = -\vec{F}_{21}$ 3. $\vec{F} = -k\Delta\vec{x}$ 4. $F = \gamma\frac{mM}{r^2}$ 5. $F = k\cdot\frac{q_1 q_2}{r^2}$

**27.** Ньютондун 3-законунун формуласы

1. $\frac{d\vec{p}}{dt} = \sum_{i=1}^{n}\vec{F}_1$ 2. $\vec{F}_{12} = -\vec{F}_{21}$ 3. $\vec{F} = -k\Delta\vec{x}$ 4. $F = \gamma\frac{mM}{r^2}$ 5. $F = k\cdot\frac{q_1 q_2}{r^2}$

**28.** Гуктун закону

1. $\frac{d\vec{p}}{dt} = \sum_{i=1}^{n}\vec{F}_1$ 2. $\vec{F}_{12} = -\vec{F}_{21}$ 3. $\vec{F} = -k\Delta\vec{x}$ 4. $F = \gamma\frac{mM}{r^2}$ 5. $F = k\cdot\frac{q_1 q_2}{r^2}$

**29.** Суюктуктун же газдын агымынын үзгүлтүксүздүгүнүн теңдемеси

1. $\vartheta\cdot S = const$ 2. $\vartheta = \sqrt{2gh}$ 3. $\vartheta = \frac{Q}{S}$ 4. $\vartheta = \frac{s}{t}$ 5. $F = r\eta\cdot\cdot\vartheta$

**30.** Жалпак идиштеги кичинекей көзөнөк аркылуу идеалдуу суюктуктун агып чыгуу ылдамдыгы

1. $\vartheta\cdot S = const$ 2. $\vartheta = \sqrt{2gh}$ 3. $\vartheta = \frac{Q}{S}$ 4. $\vartheta = \frac{s}{t}$ 5. $F = r\eta\cdot\cdot\vartheta$

**31.** Ламинардык агымга туш келген телого аракет этүүчү бет маңдай каршылык күчү:

1. $\vartheta\cdot S = const$ 2. $\vartheta = \sqrt{2gh}$ 3. $\vartheta = \frac{Q}{S}$ 4. $\vartheta = \frac{s}{t}$ 5. $F = r\eta\cdot\cdot\vartheta$

**32.** Илешимдүүлүк коэффициентинин бирдиги:

1. $\frac{кг}{м\cdot c}$ 2. $\frac{кг}{м}\cdot c$ 3. $\frac{Н}{c}$ 4. $\frac{Дж}{кг}$ 5. $м^2$

**33.** Көз ирмемдеги ылдамдануу

1. $\vec{a} = \frac{d\vec{\vartheta}}{dt}$ 2. $\vec{a} = \frac{\vec{\vartheta} - \vec{\vartheta}_o}{t}$ 3. $a_r = w^2 R$ 4. $a_r = ER$ 5. $\vec{a} = \vec{a}_k + \vec{a}_r$

**34.** Бир калыпта өзгөрүүчү түз сызыктуу кыймылдын ылдамдануусу

1. $\vec{a} = \frac{d\vec{\vartheta}}{dt}$ 2. $\vec{a} = \frac{\vec{\vartheta} - \vec{\vartheta}_0}{t}$ 3. $a_r = w^2 R$ 4. $a_r = ER$ 5. $\vec{a} = \vec{a}_k + \vec{a}_r$

**35.** Ийри сызыктуу кыймылдын толук ылдамдануусу

1. $\vec{a} = \frac{d\vec{\vec{\vartheta}}}{dt}$ 2. $\vec{a} = \frac{\overrightarrow{\vec{\vartheta} - \vec{\vartheta}_0}}{t}$ 3. $a_r = w^2 R$ 4. $a_r = ER$ 5. $\vec{a} = \vec{a}_k + \vec{a}_r$

**36.** Бир калыпта айлануучу телонун нормалдык ылдамдануусу

1. $\vec{a} = \frac{d\vec{\vec{\vartheta}}}{dt}$ 2. $\vec{a} = \frac{\overrightarrow{\vec{\vartheta} - \vec{\vartheta}_0}}{t}$ 3. $a_r = w^2 R$ 4. $a_r = ER$ 5. $\vec{a} = \vec{a}_k + \vec{a}_r$

**37.** Кыймыл теңдемелери $x=2t^2+3t+4$, $y=3t^2+4t-2$, $z=0$ , болгон тело 10 с ичинде канча жолду басып өтөт?

1. 5,2м 2. 7,3м 3. 8,31м 4. 9,8м 5. 410м

**38.** Тик өйдө ыргытылган тело ыргытылган учурдан 6 с өткөндөн соң кайра келсин үчүн ага кандай чоңдуктагы баштапкы ылдамдыкты берүү керек?

1.6 м/с 2. 41,5 м/с 3. 7,3 м/с 4. 29 м/с 5. 31 м/с

**39.** Төмөндө келтирилген мисалдардын кайсынысында которулуштун чоңдугу ченелген?

**а) Штурман, корабль бир күндө жалаң түштүк багытта 100 км ге (жылганын) которулганын аныктаган.**

б) Футболист бир матч учурунда 15 км аралыкка чуркары ченелген.

в) Спортсмен стадионду 4 айланып чуркаган. Бир айланганы 400 м. Демек ал 1600 м аралыкка чуркаган.

г) Айдаардын алдында автомобилдин спидометри 1000 км ди көрсөткөн. Айдап токтогондо 9000 км ди көрсөткөн. Демек автомобиль 8000 км аралыкты өткөн.

д) Адам баласы орто эсеп менен өмүр бою 40000 км аралыкты өтөөрү аныкталган.

**40.** Кыймылы $x = 3\sin wt, y = 2\cos wt$ теңдемелери менен берилген чекиттин траекториясы кандай көрүнүштө болот?

1.парабола 2. гипербола 3. түз сызык 4. эллипс 5. айлана

**41.** Кыймылы $x = \sin \varpi t,\ y = \sin \varpi t$ менен берилген чекиттин траекториясы кандай көрүнүштө болот?

1.парабола 2. гипербола 3. түз сызык 4. эллипс 5.айлана, $x^2 + y^2 = 1$

**42.** $x = 0{,}03 \sin \pi t$ теңдемеси боюнча термелген чекиттин жылышуусунун жана ылдамдыгынын амплитудаларын тапкыла

1.0,03 м; 0,0942 $м/с$ 2. 0,03 м; $3\pi\ м/с$ 3. $0{,}03\pi\ м; 0{,}03\pi t\ м/с$

4. $\pi\ м;\ 0{,}03\pi\ м/с$ 5. $0{,}03\,\pi$ м/с

**43.** Циолковскийдин формуласы

1. $\vartheta = \sqrt{2gh}$ 2. $\vartheta = A\omega \cos\omega\ t$ 3. $\vartheta = u \ln \frac{M_0}{M}$ 4. $\vec{\vartheta} = \vec{\vartheta}_0 + \vec{a}t$ 5. $\vec{\vartheta} = \frac{\vec{s}}{t}$

**44.** Сыйгаланып сүрүлүү күчү

1. $\vec{F} = m\vec{a}$ 2. $\vec{F} = -k\Delta\vec{x}$ 3. $\vec{F} = \mu\ \vec{N}$ 4. $F = 6\pi\eta R\vartheta$ 5. $F = \gamma \frac{mM}{R^2}$

**45.** Өзгөрмөлүү массадагы телонун кыймыл теңдемеси

1. $\frac{d\vec{p}}{dt} = \vec{F}$ 2. $m\frac{d\vec{\vartheta}}{dt} = \vec{u}\frac{d\vec{m}}{dt} + \vec{F}$ 3. $m\vec{a} = \vec{F}$ 4. $\frac{d^2x}{dt^2} = 0$ 5. $\frac{d^2x}{dt^2} + \varpi_0^2 x = 0$

**46.** Толкундун таралуу ылдамдыгы

1. $\vec{\vartheta} = \lambda \nu$ 2. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{E}{\rho}}$ 3. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{G}{\rho}}$ 4. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{k}{\rho}}$ 5. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{\rho}{k}}$

**47.** Ичке стержендеги узатасынан кеткен толкундун таралуу ылдамдыгы

1. $\vec{\vartheta} = \lambda \nu$ 2. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{E}{\rho}}$ 3. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{G}{\rho}}$ 4. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{k}{\rho}}$ 5. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{\rho}{k}}$

**48.** Туурасынан кеткен толкундун таралуу ылдамдыгы

1. $\vec{\vartheta} = \lambda \nu$ 2. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{E}{\rho}}$ 3. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{G}{\rho}}$ 4. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{k}{\rho}}$ 5. $\vec{\vartheta} = \sqrt{\frac{\rho}{k}}$

**49.** Жер бетинен көтөрүлгөн m массалуу телонун потенциалдык энергиясы

1. $E = \frac{kx^2}{2}$ 2. $E = \frac{m\vec{\vartheta}^2}{2}$ 3. $E = \frac{cu^2}{2}$ 4. $E = \frac{\varpi J^2}{2}$ 5. $E = mgh$

**50.** Кысылган пружинанын потенциалдык энергиясы

1. $E = \frac{kx^2}{2}$ 2. $E = \frac{m\vec{\vartheta}^2}{2}$ 3. $E = \frac{cu^2}{2}$ 4. $E = \frac{\varpi J^2}{2}$ 5. $E = mgh$

**51.** Ылдамдыктын графиктеринин кайсынысы бир калыпта ылдамдатылган кыймылга туура келет?




а) 1 б) 2 **в) 3** г) 4
д) мындай график жок.

**52.** Кыймылды пайда кылган себептерге токтолбостон, кыймылдын убакыттан гана көз карандылыгын караган механиканын бир бөлүмү
1 Механикалык кыймыл **2.Кинематика**
3.Динамика
4.Статика 5.Термодинамика.

**53.** Берилген маселеде өлчөмүн эсепке албай коюуга мүмкүн болгон бардык нерселер….деп аталат.
1.узундук 2.траектория **3.материалдык чекит** 4.инерция 5.кыймыл.

**54.** Материалдык чекиттин мейкиндиктеги абалынын өзгөрүшүн көрсөтүүчү сызык же нерсе басып өткөн чекиттердин геометриялык орду---- бул:
1.узундук 2.кыймыл 3.инерция **4.траектория** 5.материалдык чекит

**55.** Убакыттын бирдей аралыгында материалдык чекиттин басып өткон жолу туз сызыктын барабар кесиндиси менен аныкталган кыймыл --- бул:
1.жылуулук кыймыл 2.траектория 3.механикалык кыймыл
4.өзгөрүлмөлүү кыймыл **5.бир калыпта түз сызыктуу**

**56.** Убакыт бирдигинде өтүлгөн жол менен мүнөздөлүүчү чоңдук –бул:
**1.ылдамдык** 2.ылдамдануу 3.күч 4.импульс 5.энергия

**57.** Ылдамдык векторунун СИ-системасындагы чен бирдиги
1.кг /м 2.м/с 3.с/м 4.м/с$^2$ 5.Н/м

**58.** Эгерде убакыт бирдигинде ылдамдык вектору бирдей чоңдукка чоңойсо, анда мындай кыймыл … деп аталат.
1.жылуулук кыймылы 2.түз сызыктуу **3.бир калыпта ылдамдатылган** 4.бир калыпта акырындатылган 5.инерция

**59.** Убакыт бирдигинде ылдамдык вектору бирдей чоңдукка кичирейсе анда мындай кыймыл… деп аталат.
1.жылуулук кыймылы 2.бир калыпта ылдамдатылган

**3.бир калыпта акырындатылган** 4.инерция 5. которулуш.

**60.** Убакыт бирдиги ичинде ылдамдык векторунун өзгөрүшү -бул:
1.жол 2.которулуш 3.ылдамдык 4.импульс **5.ылдамдануу**

**61.** Ылдамдануу векторунун СИ - системасындагы чен бирдиги
1.с/м$^2$ 2.Н/м 3.кг.м/с 4.м/с 5.кг

**62.** Телонун баштапкы жана акыркы абалдарын туташтыруучу жана акыркы абалын карай багытталган вектордук чондук- бул:
1.ылдамдык **2.которулуш вектору** 3.ылдамдануу вектору
4.механикалык жумуш 5.

**63.** Бурулуу бурчунун, ошол бурулуу болуп откон убакытка болгон катышы менен ченелуучу чондук –бул.
1.ылдамдык 2.которулуш вектору **3.бурчтук ылдамдык**
4.механикалык жумуш 5.траектория.

**64.** Бурчтук ылдамдыкты аныктоочу формула ;

1.$\omega = \dfrac{\varphi}{t}$ 2.f=2kT 3.f=2R 4.$\omega = \varphi \cdot t$ 5.$\omega = \varphi$T

**65.**Бурчтук ылдамдыктын чен бирдиктери-бул
1. м/с$^2$ 2. м/с 3. Дж 4. кг/м$^3$ 5.рад/с.

**66.** Бурчтук ылдамдыктын убакыт бирдигиндеги өзгөрүшү –бул:
1.бурчтук ылдамдануу 2.сызыктуу ылдамдануу 3.импульс 4.энергия
5.эсептөө системасы.

**67.**Эгерде телого сыртан күч аракет этпесе, же аракет эткен күчтөр бири-бирин компенсациялашса, анда тело тынч абалын же бир калыптагы түз сызыктуу кыймылын сактайт –бул:
1.Ньютондун 2- закону 2.Ньютондун 1-закону 3.Ньютондун 3-закону 4.Бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону 5.Кулондун закону.

**68.** Нерсеге аракет кылган күчтүн чондугу ал нерсенин массасы менен ылдамдануусунун көбөйтүндүсүнө барабар - бул:
1.Ньютондун 3 закону 2.Ньютондун 1 закону 3.Ньютондун 2-закону 4.Бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону 5.Кулондун закону.

**69.** Телонун инерттүүлүгүн аныктаган физикалык чондук –бул:
1. импульс 2. энергия 3. инерция 4. масса 5.жумуш

**70.** Телонун массасынын анын ылдамдыгына болгон көбөйтүндүсү менен аныкталган физикалык чондук бул:
1. импульс 2. энергия 3. жумуш 4. ылдамдык 5. которулуш

**71**. Телолордун оз ара аракеттенишкенге чейинки импульстарынын суммасы арекеттенишкенден кийинки импульстарынын суммасына барабар-бул:
1.энергиянын сакталуу закону 2.импульстун сакталуу закону 3.инерция закону 4.Ньютондун закону 5.термодинамикалык жумуш

**72.** Телого аракет эткен күчтүн которулушка болгон көбөйтүндүсү менен аныкталган физикалык чондук-бул:
1. энергия 2. импульс 3. механикалык жумуш 4. ылдамдык5. күч

**73.** Механикалык жумуштун формуласы
1. A=F t 2. A=F R 3. A=F gcos$\alpha$ 4. A=F Scos$\alpha$ 5. A=F $gt^2$
**74.**Аткарылган жумуштун ошол жумуш аткарууга сарпталган убакытка болгон катышы менен ченелүүчү физикалык чондук бул
1.энергия 2.жумуш 3.импульс 4.куч 5.кубаттуулук

**75.** Кубаттуулуктун СИ- системасындагы чен бирдиги:
1. Ватт 2. Джоуль 3. Ньютон 4. Паскаль 5. метр

**76.**Нерселердин жумуш аткаруу жөндөмдүүлүгүн мүнөздөөчү физикалык чондук- бул:
1. жумуш 2. инерция 3. импульс 4. кубаттуулук 5. күч

**77.** Ар кандай эки нерсе, алардын массаларынын көбөйтүндүсүнө түз жана ортосундагы аралыктын квадратына тескери пропорционалдуу күч менен тартылышат. Бул:
1.Ньютондун 1-закону 2.Ньютондун 2-закону
3.Бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону 4.инерция закону 5.сакталуу закону

**78.** Телонун жерге тартылуусунун натыйжасында асмага же таянычка аракет эткен күчү –бул:
1. масса 2. тыгыздык 3. энергия 4. салмак 5. күч

**79.** Телонун масасынын анын көлөмүнө болгон катышы:
1. масса 2. салмагы 3. тыгыздыгы 4. энергиясы 5. күч

**80.** Телонун тыгыздыгын аныктоочу формула:
1. ρ=m/v 2. $\rho$=mv 3. $\rho = \frac{v}{m}$ 4.p=nkt 5. p=mg

**81.** Нерсенин массасынын айлануу огуна чейинки аралыктын квадратына болгон көбөйтүндүсү менен аныкталган физикалык чондук бул:
1.импульс 2.энергия 3.инерция моменти
4.импульс моменты 5.масса

**82.** Нерсенин ылдамдануусунун пайда болуу себебин аныктаган физикалык чоңдук бул:
1. энергия 2. күч 3. масса 4. импульс 5. тыгыздык
**83.** Айлануучу нерселердин инерция моментин аныктоочу формула:
1J=mv. 2.J=mk 3. J=mr 4. $J = mr^2$ 5. J=mv/2
**84.** Сырткы күчтүн арекети менен нерселердин бөлүкчөлөрүнүн бир –бирине карата жылышы , б. а. нерсенин формасынын, өлчөмүнүн өзгөрүшү … деп аталат.
1.импульс 2.энергия 3.тыгыздык 4.жумуш 5.деформация

**85.** Аракет кылган сырткы күчтү алып таштоо менен нерсе баштапкы абалын толук камтып келсе деформация … деп аталат.
1. серпилгичтүү деформация 2. калдыктуу деформация
3. абсолюттук деформация 4. салыштырмалуу деформация
5.ийилүү деформациясы

**86.** Күчтүн аракетин жоготуу менен нерсенин деформациясы жоголбой, кандайдыр өлчөмдө сакталып калса, анда мындай деформация…деп аталат.
1. абсолюттук деформация 2.салыштырмалуу деформация
3. калдыктуу деформация 4.серпилгичтүү деформация
5. ийилүү деформациясы

**87.** Тынч турган суюктуктун ар кандай чекитинде басым бардык багыт боюнча барабар жана бардык тарапка бирдей берилет. Бул
1.Ньютондун 2-закону 2.Паскалдын закону 3.инерция закону
4.Архимеддин закону 5.Омдун закону
**88.** Суюктукка салынган ар кандай нерсеге ал нерсе сүрүп чыгарган суюктуктун салмагына барабар болгон түртүү күчү арекет кылат. Бул:1.Паскалдын закону 2.Омдун закону
3.Архимеддин закону 4.Ньютондун закону 5.инерция закону

**89.** Архимеддин законун формуласы
1. $F_A = mg$ 2. $F_A = -kx$ 3. $F_A = \mu N$ 4. $F_A = \rho g v$ 5. $F_A = \rho v$
**90**. Бернулинин теңдемеси :

1. $\rho\vartheta + \rho g h + \rho = 0$ 2. $\frac{\rho\vartheta}{2} + \rho = 0$ 3. $\frac{\rho\vartheta^2}{2} + \rho g h = 0$

4. $\rho g h + \rho = 0$ 5. $\frac{\rho\vartheta}{2} + \rho g h + \rho = const$

**91.** Ылдамдыгы $\upsilon$ болгон нерсеге, ылдамдык векторуна $\pi/2$ бурч менен багытталган күч аракет этсе, анда нерсенин кыймылынын траекториясынын көрүнүшүн аныктагыла.
а) күч векторунун багыты менен дал келген түз сызык
б) ылдамдык векторунун багыты менен дал келген түз сызык
**в) айлана**
г) ылдамдык векторуна $45^{\circ}$ бурчту түзгөн түз сызык
д) парабола

**92.** Мезгил-мезгили менен кайталануучу кыймылдар … деп аталат .
1. резонанс 2. термелүүлөр 3.жылуулук кыймылы
4. импульс 5.тыгыздык

**93.** Жылыш аралыгынын убакыттан болгон көз карандылыгы косинус жана синус функциялары менен туюнтулган термелүүлөр … деп аталат .
1.аргасыз 2.эркин термелүү 3.гармоникалык термелүү 4.автотермелүү
5.резонанс

**94.** Термелүүчү система тең салмактуу абалынан чыгарылгандан кийин ички күчтөрдүн таасиринде кыймылга келүүсү - бул:
1.аргасыз 2.гармоникалык термелүү 3.автотермелүү
4.эркин термелүү 5.резонанс

**95.** Термелүүчү материалдык чекиттин эң чоң жылыш аралыгы … деп аталат.

1.термелүү жыштыгы 2.термелүү мезгили 3.термелүү фазасы
4.гармоникалык термелүү 5.термелүү амплитудасы.

**96.** Убакыт бирдигиндеги термелүүлөрдүн саны-бул:
1.термелүү жыштыгы 2.термелүү мезгили 3.термелүү фазасы
4.гармоникалык термелүү 5.термелүү амплитудасы.
**97.** Толук бир термелүүгө кеткен убакыт деп аталат.
1.термелүү жыштыгы 2.термелүү мезгили 3.термелүү фазасы
4.гармоникалык термелүү 5.термелүү амплитудасы.

**98.** Созулбас жана салмаксыз жипке илинген материалдык чекит….деп аталат.
1. физикалык маятник 2. резонанс 3. математикалык маятник
4. автотермелүү 5. катуу тело

**99.** Оордук борбору аркылуу өтпөгөн горизонталдык октун айланасында термелүүчү салмактуу нерсе …деп аталат.
1.физикалык маятник 2. резонанс
3.математикалык маятник 4.физикалык маятник 5. катуу тело

**100.** Кандайдыр бир чөйрөдө термелүүнүн таралышы … деп аталат
**1.толкун** 2.үн 3.термелүү 4.фаза 5.жыштык